КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
XXVIII-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКТЕГИ XIVСЕССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
ОЧЕРЕДНАЯ XIV СЕССИЯ XVIII
СОЗЫВА

# ТОКТОМ

2022-жылдын 20-сентябрь № 34 Тамга айылы

**Тамга айылдык аймагына караштуу Тосор айылынын көчөлөрү тууралуу айыл өкмөт кызматкери Курманбек уулу Каныбектин кызматтык билдирүүсү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2011-жылдын 15-июлундагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" №101-Мыйзамынын 31-беренесин 1,5-пункттарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 18-беренесинин 3,4-пункттарына ылайык жана Тамга айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу адиси Курманбек уулу Каныбектин кызматтык билдирүүсүнүн негизинде, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XIV сессиясы **токтом кылат:**

1. Тамга айыл аймагына караштуу Тосор айылынын А.Исмаилова көчөсүндөгү Чоопаев Табылды Кыкбаевичтин огород участогунан макулдугунун негизинде түндүккө карай көчө ачылып берилсин.

2. Чоопаев Табылды Кыкбаевичтин огород участогунан алынган жер тилкесинин ордуна алдыңкы жылдарда пландалган бөлүнүүчү жер тилкелеринен 1 (бир) огород участогун бөлүп берүү жагы каралсын.

3. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айылдык кеңешинин жоопту катчысы Н.Шабданбаевага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баймановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А.Букаров**